| | | | |
|---|---|---|---|
| | | анализ берүү менен сабактарга өз ара катышууну уюштурушат. Предмет боюнча усулдук иштер менен таанышуу максатында окуу жылы ичинде 4 усулдук бирикмеде 84 ачык сабак уюштурулду. Алдынкы педагогикалык тажрыйбаларды үйрөнүү, жалпылоо жана жайылтуу боюнча дагы иштер жүргүзүлүп, башталгыч класстын мугалими Касымбекова Нурзиданын иш тажрыйбасы райондук деңгээлде жайылтылды. Ошондой эле орус тили жана адабияты сабагынын мугалими Туркменова Тынардын иш тажрыйбасы Ош облустук мугалимдердин билимин өркүндөтүү институтунун базасында жайылтылды. Усулдук бирикменин жыйынтыгы катары 2019-2020-окуу жылында «Жыл мугалими» кароо-сынагынын райондук турунда кыргыз тили жана адабияты мугалими Тайлакова Даанакан байгелүү IV орунга жетишкен.<br>Жогорудагы усулдук бирикменин жетекчилерине чейрек сайын окуучулардын билим сапатын жакшыртуу жана билим деңгээлин көтөрүүдө мониторинг жүргүзүү , салыштыруу, жыйынтыгын чыгаруу милдеттендирилди.<br>Мониторинг боюнча жыйынтыктарды кызыкдар тараптарга жөнөтүп турушат. Ата-энелерге класс жетекчилер аркылуу өздөштүрүү жана билим сапаты боюнча жеткирилип, сунуш пикирлерди алышып, алардын үстүндө иштешет.<br>Усулдук бирикмелер мугалимдердин кесиптик чеберчилигин өнүктүрүүнүн үстүндө иш алып барат жана ар бир усулдук бирикменин темасы жалпы мектептик тема менен тыгыз байланышта. Ар бир предметтик мугалим өз методикалык темасын усулдук бирикменин методикалык темасынын негизинде тандайт.<br>Усулдук бирикменин мүчөлөрүнүн натыйжалуулук ишин жыйынтыктоо формалары чыгармачылык отчеттор, тест жыйынтыктары, предметтик олимпиаданын жана спорттук мелдештердин жыйынтыктары аркылуу салыштырылып, анализденет, жыйынтыгы чыгарылат жана “Эң мыкты портфолио”, “Мыкты ачык сабак ”, “Чыгармачыл мугалим”, “Жаңычыл мугалим” номинациялары ж.б. аркылуу аныкталат. Мектептин методкенеши усулдук бирикмелерди жетектөө менен теориялык- | |